ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 332.1+338.001.36(575.2) (045/046 DOI: 10.35803/1694-5298.2019.4. 698-702

**МЕЙМАНКУЛОВА Н.Ч., КОЖОГУЛОВА А.Ж., КАМЧЫБЕКОВА А.Ж.**
КГУСТА, им. Н.Исанова, Бишкек, Кыргызская Республика

**MEYMANKULOVA N.CH., KOJOGULOVA A.J., KAMCHYBEKOVA A.J.**
KSUCTA n. a. N. Isanov, Bishkek, Kyrgyz Republic
n.meymankulova@mail.ru, akylai2512@mail.ru, Aimeerim2404@gmail.com

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН РЕГИОНДУК САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

# ОСНОВНЫЕ НАПРАВЛЕНИЯ РЕГИОНАЛЬНОЙ ПОЛИТИКИ В КР

# THE MAIN DIRECTIONS OF REGIONAL POLICY IN THE KYRGYZ REPUBLIC

*Макалада региондорду өнүктүрүү көйгөйлөрү каралып, өнүктүрүүнүн негизги багыттары көрсөтүлгөн.*

***Өзөк сөздөр:*** *регион, инфраструктура, региондук саясат, чектешкен аймактар, ресурстар.*

*В статье рассмотрены проблемы развития регионов и основные направления региональной политики.*

***Ключевые слова:*** *регион, инфраструктура, региональная политика, приграничные территории, ресурсы.*

*The article deals with the problems of regional development and the main directions of regional policy.*

***Key words:*** *region, infrastructure, regional policy, border areas, resources.*

Бүгүнкү күндө өлкөдө жаны көрүнүштөгү региондук саясатка болгон суроо-талап аябай курч бойдон турат. Советтик концепцияларга негизделген аймактык жайгаштыруу жана өз алдынча башкаруунун жаны ыкмалары азыркы замандын талабына жооп бербей, кайрадан карап чыгууну жана кардиналдык түрдө өзгөртүүнү талап кылып жатат.

Региондорду өнүктүрүүдө төмөнкү актуалдуу аспектилерди (көз караштарды) эске алуу керек.

*Биринчиден,* ар бир региондо: жаратылыш, адамдык, инфрастуктуралык, маданий, экономикалык ресурстардын негизги түрлөрүн кайрадан өндүрүү үчүн негизги маселелер чечилиш керек [4].

Көз карандысыздык жылдары өз алдынча башкаруунун баалуулуктарына жана региондорду күчтөндүрүүгө карабастан, ресурстардын бардык түрлөрүн, өзгөчө каржы жана адам ресурстарын, өлкөнүн экономикалык жана саясый борборуна топтолууга алып келди.

Борбордун мүмкүнчүлүгүнүн кенейишине байланыштуу бардык региондорду декапитализациялаштыруу болгон. Жыйынтыгында жетектөөчү жана артта калган аймактардын ортосундагы айырмачылык, өлкөнүн экономикасын жалгыз жана интегралдык катары мүнөздөгөн денгээлден жогору болгон. Өзгөчө бул суроо Баткен жана Нарын областтары үчүн өтө курч бойдон калып келет.

Борбордук бийлик региондордогу ресурстарды топтоп жана колдонуу менен аларды башкаруу системасын иштетүүгө жана социалдык-сезимтал багыттарды каржылоого жумшап жатат. Ошондуктан чектелген каржы ресурстарын колдонуу жана бөлүштүрүү натыйжасыз болуп келет.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

Бир жагынан бирдиктүү экономикалык рынокту түзүү, коопсуздукту камсыздоо, бирдиктүү инфрастуктураны колдоо аркылуу аймактарды интеграциялоо боюнча мамлекеттин фундаменталдык милдеттери жогорку бийлик тарабынан эч кандай көнүл бөлүнбөй келе жатат.

Региондорду колдоо демилгесинин көпчүлүк бөлүгү эл аралык коомчулуктар тарабынан, ал эми калган азыраак бөлүгү мамлекет жактан каржыланып келет. Эл аралык каржылоо институттарынын колдоосу менен транспорттук инфраструктураны, айыл чарба жана суу чарба объектилерин, саламаттык сактоо жана билим берүү тармактарын реабилитациялоо жана колдоо иштери жүргүзүлүп жатат.

Жүргүзүлүп жаткан иштерге карабастан, жалпы инвестициянын көлөмү региондорду жөнөкөй кайрадан өндүрүү денгээлине чыгууга дагы мүмкүнчүлүк бербей жатат. Транспорттук инфраструктуранын, тактап айтканда, мамлекеттин ичиндеги жолдор, турак-жай-коммуналдык инфраструктура, энергетикалык инфраструктуранын абалы оор жагдайда экендиги бардыгыбызга маалым [1,5-6 б.].

Азыркы учурда коомдун алдында турган эн негизги маселелердин бири келечектеги муундарды экономикалык туруктуулук менен камсыздоо. Кээ бир областтарда калктын масштабдуу түрдө миграциясын байкасак болот. Ошондой эле региондордогу билим беруу жана саламаттыкты сактоо системасынын сапаты аябай төмөндөп кеткен.

Регионду өнүктүрүү үчүн аймактардын социалдык-экономикалык потенциалынын өсүшүнө көмөкчү болгон, региондук демилгелерди каржылоо үчүн жооптуу, регионду өнүктүрүү фонду катары финансылык институтту түзүү талап кылынат.

Кийинки негизги чечим региондордун мүмкүнчүлүктөрүн күчтөндүрүү максатында мамлекеттик каржылоо системасын кайрадан карап чыгуу. Жаны башкаруу системасынын функцияларын ишке ашыруу талап кылынат. Ресурстар маалыматка шайкеш келген кырдаалдар боюнча жана чындыгында практика жүзүндө ишке ашырылып жаткан багыттарга болунүшү керек. Ал үчүн ресурстарды өз алдынча башкаруу боюнча бюджеттик мыйзамдарды өзгөртүү талап кылынат.

Бюджеттик өзгөртүүлөр менен катар экономикалык активдүүлүктү жогорулатуучу, аймактагы бизнести каржылоо ресурстарына таасирин тийгизүүчү, фискалдык механизмдерди ишке киргизүү максатка ылайыктуу.

Андан тышкары региондорду өнүктүрүү үчүн каржы институттарын түзүү талап кылынат. Бул институттун негизги кызматы региондорду өнүктүрүү, региондордогу демилгелерди каржылоо менен аймактардын социалдык-экономикалык потенциалын жогорулатуу эсептелет.

Акырында негизги акцент жеке сектордун демилгеси аркылуу региондорду капитализациялаштыруу үчүн шарттарды түзүү. Бул жерде негизги элемент ишкердүүлүктүн коопсуздугун камсыз кылуу жана ресурстарды адилеттүү колдонууга мүмкүнчүлүк алуу.

*Экинчи багыт* өлкөнүн региондук өнүгүүсү үчүн биполярдык мамиле талап кылынат.

Өлкөдө Бишкек жана Ош шаарлары гана олуттуу борбордук шаар деп эсептелинет. Бул эки щаардын бири өлкөбүздүн борбору, экинчиси түштүк регионунун борбору катары каралат. Себеби бул шаарлар биринчиден демографиялык, экинчиден транспорттук-инфраструктуралык, үчүнчү-социалдык-маданий, төртүнчү-билим берүү, бешинчи-тарыхый борборлор. Андан тышкары бул эки шаар Борбордук Азия алкагында орду бар шаарлардын катарына кирет, себеби географиялык жайгашуусу боюнча пайда болгон өздөрүнүн чон Дордой жана Кара-Суу базарлары менен Борбордук Азия жана Россия региондору үчүн транзиттик жана реэкспорттук соода борбору катары таанылган.

Буга чейинки жылдарда көпчүлүк инвестициялар жана колдоолор өлкөнүн борбору катары Бишкек шаарын өнүктүрүүгө жумшалып келсе, азыркы учурда, жакынкы 5-6 жылдагы инвестицияларды Ош шаарына багытталышы керек. Кыргызстандын

түштүгүндөгү социалдык-экономикалык жана саясий абал бүгүнкү күндө өтө курч бойдон калып келет. Ошондуктан Ош шаарын өнүктүрүү саясий мааниге ээ.

Ош шаары жалпы Фергана өрөөнү үчүн зор геополитикалык мааниге ээ, бул шаар аркылуу Улуу Жибек Жолу өтөт жана бул шаарда эл аралык маданий баалуулукка ээ болгон маданий-тарыхый объект Сулайман Тоо жайгашкан.

Түштүк регионун өнүктүрүүгө уникалдуу, стандарттык эмес, жаны идеядагы эл аралык стандартка туура келген өнүгүү моделдерин иштеп чыгуу керек. Регионду жанылоодогу жаны моделдер зор маданий жана экономикалык долбоорлорду ишке ашыруу учун каржы жана интеллектуалдык ресурстарды тартууга жардам берет.

Биринчи кезекте инфраструктуралык долбоорлорго, б.а. Ош шаарына жакын жайгашкан аймактар менен байланыштыруучу автомагистралдарды реабилитациялоого жана курууга көнүл буруу керек. Ош шаарынын аэропортун модернизациялоо менен көптөгөн башка өлкөлөр менен болгон мамилелерди түздөн-түз өнүктүрүүгө жол ачылды. Түштүк регионун өнүктүрүүнүн бирден бир приоритеттүү багыты болгон маалымат жана телекоммуникациялык инфраструктураны кенейтүү керек [1,28-29б.].

Экинчи жактан, бардыгыбызга маалым болгондой Ош шаары Фергана өрөөнүндөгү регионалдык борбор. Ошондуктан Ош шаарын социалдык-маданий борбор катары потенциалын көтөрүүдө, анын төмөнкү үч түзүмдөн турган статусун жогорулатуу керек. Биринчи кезекте билим берүү комплекстерин түзүү, экинчиден чон медициналык регионалдык комплекстерин түзүү, үчүнчүдөн түштүк регионундагы калкты маданий жашоо менен байытуу.

*Үчүнчү багыт* бул чек ара аймактарын өнүктүрүү. Чек ара аймактарын өнүктүрүүдө, коншу чектешкен мамлекеттерди курчап турган аймактарын параллелдүү түрдө өнүктүрмөйүнчө эч кандай натыйжа болбойт. Ошондуктан бүгүнкү күндө чек араны өнүктүрүү бул чектешкен аймактарды комплекстүү өнүктүрүүнү талап кылат.

Азыркы кездеги чек аралык кызматташтык көрсөткөндөй чектешкен мамлекеттер бөлүнүү саясатына карманышат. Өзгөчө коншу Өзбекстан менен болгон чек ара мамилелери аябай курч бойдон калып келет. Ушул убака чейин Өзбекстан жана Тажикстан менен болгон чек ара боюнча сүйлөшүүлөр жана бөлүшүү суроолору чечиле элек. Бардык өлкөлөр бөлүп тосуу саясатын колдоп, чек ара аймактарын өз алдынча өнүктүрүүгө аракет кылып жатышат. Ошол эле убакта көпчүлүк чек ара аймактары алыс жана жеткиликтүү эмес, экономикалык жактан өнүгүүсү артта калган.

Тарыхый жана маданий негиздерге таянсак, чек арадагы изоляциялык саясат кыска мөөнөттүк болуп саналат, институционалдык байланыштарды бул саясат менен узак мөөнөткө кармап калууга мүмкүн эмес. Азыркы учурда бир дагы өлкө чек ара аймактарын изоляциялык саясат менен өнүктүрүүдө натыйжалуу өнүгүү программасын сунуштай албайт.

Ошондуктан ушул сыяктуу өзгөчө алыскы, жеткиликтүү эмес, экономикалык жактан өнүкпөгөн аймактарды өнүктүрүүгө бирдиктүү жана комплекстүү өнүгүү схемаларын иштеп чыгуу талап кылынат. Биринчиден, бул инфраструктуралык долбоор (энергетика, транспорт, коммуникация). Экинчиден, региондогу коншу (чектешкен) жашаган калктын тарыхый тажрыйбасын эске алган социалдык-маданий долбоор. Үчүнчүдөн, чек араны коргоо жана жаратылыш, өзгөчө суу, жайыт, токой ресурстарын камкордук менен колдонуу [1,23 стр.].

Кыргызстан ушул сыяктуу идеяларды көтөрүп, эл аралык тажрыйбаларды, анын ичинен Европа өлкөлөрүнүн тажрыйбаларын колдонуу менен абройлуу эл аралык өнүгүү ресурстарын тартууга мүмкүнчүлүк ала алат.

*Төртүнчү багыт* - региондук саясат аймактар аралык жана региондор аралык тыгыз байланыштарды чыңдоо керек [4].

Транспорттук инфраструктуранын өнүкпөгөндүгүнө жана өлкөнүн рельефинин татаалдыгына, жаратылыш өзгөчөлүгүнө байланыштуу, кээ бир аймактар менен болгон

байланыш өтө төмөн. Чындыгында кээ бир аймактар таптакыр кол жеткис жана бул аймактар менен эч кандай транспорттук байланыш жок б.а. изоляцияланган.

Өлкөнүн ичиндеги алыскы, кол жеткис, башка мамлекеттер менен чектешкен аймактардын байланыштарынын жоктугу, улуттук коопсуздуктун эн негизги көйгөйү болгон, өлкөнүн бүтүндүгүн сактап калуу коркунучун туудурат.

Региондордогу калктын экономикалык жана социалдык активдүүлүгүн талдоо менен өлкөнүн кээ бир аймактары, социалдык-маданий жана чарба-экономикалык мамилелерди, өлкөнүн ичиндеги аймактарга же региондорго караганда, башка өлкөнүн же болбосо чектешкен өлкөнүн региондору менен көбүрөөк интеграцияланган. Мисалга алсак, Кыргызстандын чек ара аймактарындагы жашоочуларга Өзбекстандын маалыматтары көбүрөөк таасирин берет.

Биздин өлкөнүн чек ара аймактары, чектешкен өлкөлөрдүн аймактары менен болгон интеграциянын негизинде маданий жана экономикалык мааниге ээ болгон бир канча зоналарга бөлүнгөн. Бул биригүү аймактарды транспорттук, чарбалык, технологиялык, соода, маданий, маалыматтык байланыштар менен камсыз кылат. Айрыкча көрүнүктүү зоналар.

Биринчи зона-Өзбекстан менен чектешкен Баткен, Ош жана Жалал-Абад областтарынын аймактары. Экинчи зона-Тажикстан менен чектешкен Баткен областынын аймактары. Үчүнчү зона бул Талас областынын Казакстан менен чектешкен райондору. Бардыгыбызга маалым болгондой биздин өлкөнүн экономикасына Кытай Эл Республикасынын экономикасы чон таасирин тийгизет. Ошондуктан келечекте бул багыт боюнча Нарын жана Ош областтарынын Кытай менен болгон кызматташуусун сөзсүз түрдө эске алуу керек [1,21-22 стр.].

Жаны региондук саясатта ушул сыяктуу зоналардын өзгөчөлүктөрү жана мамлекет тарабынан аймактарды ички интеграциялоо боюнча практикалык кадамдарды күчтөндүрүү боюнча сунуштар каралышы зарыл. Биринчи кезекте өлкөнүн бардык аймактарын маалыматтык камтуу жана мамлекеттин бүтүндүүлүгүн, бөлүнбөстүгүн сактоого багытталган суроолор чечилиши керек. Мамлекеттин эн негизги атрибуту болгон менчиктин коопсуздугун жана мыйзам жана укуктук тартипти камсыз кылуу болуп саналат [3,71б.].

*Бешинчи багыт*-өлкөнүн аймактык өнүгүүсү Борбордук Азияда болуп жаткан глобалдык экономикалык процесстерден көз каранды [4].

Азыркы учурда дүйнөдө глобалдаштыруу чон ролду ойнойт. Ошондуктан региондорду өнүктүрүүдө башка өлкөлөр менен биргеликте, чон масштабда же болбосо Борбордук Азия регионун чогуу кароого болот. Ошондуктан борбордук азиялык же болбосо европалык мейкиндике кирүү үчүн улуттук масштабдагы долбоорлорду эске алуу талап кылынат.

Базар экономикасынын өнүгүүсү менен аймактык жайгаштыруу учун жаны жаратылыштык жана жөнгө салынбаган негиздер пайда болду. Кыргызстан Борбордук Азия жана Россия мейкиндигинде реэкспорт борбору болуп калгандыгына байланыштуу, өлкөнүн экономикасынын өнүгүүсүндө эл аралык соода-сатык эн негизги фактор болуп эсептелет. Ошондуктан жаны аймактык жайгаштырууга мисал катары Дордой жана Кара Суу соода борборлору пайда болгон.

Жаны региондук саясатты түзүүдө өлкөнүн географиялык абалын сөзсүз эске алуу керек. Кытай азыркы учурда дүйнөлүк экспортер экендиги бардыгыбызга маалым, бул факторду биздин өлкө колдоно билүү зарыл. Кыргызстанды транзиттик өлкө катары колдонууга шарт түзүү үчүн Торугарт-Нарын-Бишкек, Бишкек-Ош-Иркештам, Иркештам-Сарыташ-Карамык транспорттук коридорлорду өнүктүрүү абзел [1,10б.].

Бирок коншу өлкөлөрдүн протекционисстик саясаты менен байланышкан тобокелчиликтерди унутпоо керек. Балким, бул саясат кыска мөөнөттүк саясат болушу мүмкүн, бирок ага карабастан бул саясат Кыргызстан үчүн келечектеги экономикалык борборлорду өнүктүрүүгө жол ачат. Бүгүнкү күндөн баштап товарларды реэкспорттоо

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

үчүн жаны базарлардын маршрутун, же болбосо өлкөнүн экономикасын колдоочу баш булактарды издөө керек.

Ошондуктан региондорду экономикалык активдүүлүктүн түрлөрү боюнча адистештирүү суроосу туулат. Биринчи талдоонун негизинде үч багыт боюнча адистештирүүгө мүмкүн-бул транзит, туризм, айыл чарба. Муну менен гана чектелбестен Кыргызстанда өнөр-жай өндүрүшүн дагы кенейтүү зарыл.

## Адабияттар тизмеси


1. Концепция региональной политики Кыргызской Республики на период 2018-2022 годов [Электронный ресурс] Режим доступа: / http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/99907
2. Кожогулова А.Ж. Региональные распределительные центры как точки экономического роста регионов Кыргызской Республики [Текст] / А.Ж. Кожогулова, Н.С.Алджембаева, Бакытбек у. И. // Вестник КГУСТА. – 2017. - №3(57). - с. 232 -236.
3. Кожогулова А.Ж. Региональные социально-экономические различия, пути их выявления и направления совершенствования государственного регулирования развития регионов Кыргызской Республики [Текст] / А.Ж.Кожогулова. – Бишкек: 2011.
4. Электронный ресурс: Мысли о региональной политике http://www.nisi.kg/93-ekspertnoe-mnenie/179-mysli-o-regionalnoj-politike.html
5. Нусупова Н.К. Трудовая миграция В Кыргызской Республике в рамках ЕАЭС [Текст] / Н.К.Нусупова, А.М.Нусупова // Вестник КГУСТА. – 2017. №1 (55). – с. 211-215.


ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com